| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз сессиясы

# ТОКТОМ

2022-жылдын 16.09 № 26 Тамга айылы

**«Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген акча каражатын 2022-жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө»**

Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген 199 500 сомду максаттуу түрдө пайдалануу максатында, айыл өкмөтүнүн бул маселе боюнча берген сунушун ар тараптан карап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын жергиликтүү бюджетине Республикалык бюджеттен трансферт катары келип түшкөн 199 500 сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн имаратына суу системасын киргизүү үчүн чыгымдалсын.

| № | Иш-чара | Функционалдык классиффикация | Элемент | Сумма сом менен |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тамга айыл өкмөтүнүн имаратына суу системасын киргизүү | 2221 Аппарат | 1100 | 199 500 |
| | **Баардыгы:** | | | **199 500 сом** |

2. Тамга айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.К.Орозбаковго акча каражатын максаттуу чыгымдоо милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**